# Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

## ЖОБО №

## ПАРАКОРЧУЛУККА ЖАНА КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ САЯСАТ

**БЕКИТЕМИН**
Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору
____________ Усонов К.Ж.

Дата: «5» 03 2026 ж.
Буйрук № 5

### 1. Жалпы жоболор

Саясат Университетте коррупциялык укук бузууларды алдын алуу, аныктоо жана бөгөт коюу боюнча чаралардын тутумун белгилейт.

Документ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, коррупцияга каршы башкаруунун эл аралык стандарттарына, ошондой эле академиялык ак ниеттүүлүк жана башкаруунун ачык-айкындуулук принциптерине ылайык иштелип чыккан.

Саясаттын колдонулушу төмөнкүлөргө жайылтылат:

• университеттин жетекчилигине;
• профессордук-окутуучулук курамга;
• административдик жана техникалык персоналга;
• студенттерге жана билим алуучуларга;
• бөдрөтчүлөргө (жалданган жумушчуларга), өнөктөш уюмдарга жана университет менен өз ара аракеттенген башка жактарга.

### 2. Саясаттын максаты

Саясаттын негизги максаты – коррупцияга каршы системаны калыптандыруу жана ачык-айкын билим берүү чөйрөсүн түзүү.

Бул максат төмөнкүлөр аркылуу ишке ашырылат:

• коомчулуктун университетке болгон ишенимин жогорулатуу;

• билим алуу жана эмгек ишмердүүлүгү үчүн адилет шарттарды камсыз кылуу;

• билим берүү, илимий жана финансылык-чарбалык ишмердүүлүктө коррупциялык тобокелдиктерди алдын алуу;

• университеттин улуттук жана эл аралык деңгээлдеги аброюн бекемдөө.

## 3. Негизги түшүнүктөр

Коррупция — кызматтык ыйгарым укуктарды кыянаттык менен пайдалануу, пара алуу же берүү, коммерциялык паракорчулук же кызматтык абалды башка мыйзамсыз пайдалануу.

Пара — белгилүү бир аракеттерди жасоо үчүн акча каражаттарын, кызматтарды, мүлктү же башка пайдалуу нерселерди алуу же берүү.

Кызыкчылыктардын кагылышы — кызматкердин жеке кызыкчылыгы кызматтык милдеттерин объективдүү аткарууга таасир эткен же таасир этүүсү мүмкүн болгон жагдай.

## 4. Коррупцияга каршы саясаттын принциптери

• мыйзамдуулук жана мыйзам талаптарын сактоо;

• башкаруу жана чечим кабыл алуу процесстеринин ачык-айкындуулугу;

• билим берүү жана административдик кызматтарга тең жеткиликтүүлүк;

• кызматкерлердин жеке жоопкерчилиги;

• коррупциялык укук бузуулар тууралуу билдирген адамдарды коргоо.

## 5. Коррупциялык тобокелдик жогору болгон тармактар

Университетте төмөнкү процесстерге өзгөчө көңүл бурулат:

• абитуриенттерди кабыл алуу жана окууга каттоо;

• экзамендерди, зачетторду өткөрүү жана билимди баалоо;

• жатаканаларды бөлүштүрүү;

• мамлекеттик сатып алуулар жана келишимдерди түзүү.

## 6. Тыюу салынган аракеттер

Кызматкерлерге жана билим алуучуларга төмөнкүлөр тыюу салынат:

• пара талап кылуу же алуу;

• артыкчылыктарды алуу үчүн сый акы сунуштоо;

• паракорчулукта ортомчу болуу;

• экзамендердин жана конкурстардын жыйынтыктарын бурмалоо;

• кызматтык ресурстарды жеке максатта пайдалануу;

• кызыкчылыктардын кагылышын жашыруу.

## 7. Коррупциянын алдын алуу боюнча чаралар

Университетте төмөнкү чаралар киргизилет:

• коррупцияга каршы үзгүлтүксүз жолугушууларды, тренингдерди жана семинарларды өткөрүү;

• окуу процессин башкаруунун санариптик системаларын колдонуу;

• конкурстар жана сатып алуулар тууралуу маалыматтын ачык-айкындуулугу;

• ички аудит жана мониторинг жүргүзүү;

• кызматкерлер үчүн этика кодексин иштеп чыгуу.

## 8. Коррупция тууралуу билдирүү тартиби

Кызматкерлер жана студенттер мыйзам бузуулар тууралуу төмөнкү жолдор аркылуу билдире алышат:

• университеттин жетекчилиги аркылуу;

• электрондук почта же онлайн платформалар аркылуу;

• атайын байланыш каналдары (университеттин социологиялык сурамжылоолоруна катышуу) аркылуу анонимдүү түрдө.

Университет маалыматтын купуялуулугун жана билдирүүчүлөрдү коргоону кепилдейт.

## 9. Жоопкерчилик

Саясатты бузган адамдар эмгек мыйзамдарына, университеттин ички актыларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

## 10.Жыйынтыктоочу жоболор

Саясат ЖАМУнун окумуштуулар кеңешинин чечими менен күчүнө кирет. Аткарылышын көзөмөлдөө кафедра башчыларына жана институт директорлоруна жүктөлөт.